КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БИШКЕК ШААРЫНЫН
ПРОКУРАТУРАСЫ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ПРОКУРАТУРА ГОРОДА
БИШКЕК

720033, Бишкек ш.,Абдымомунов көч., 276
тел.: +996 312 323410, факс: 323420
bishkek@prokuror.kg, э/э№1350108015183485
ОКПО 04728974 ИНН 00111199210111

720033, г.Бишкек, ул. Абдымомунова, 276
тел.: +996 312 323410, факс: 323420
bishkek@prokuror.kg, р/с№1350108015183485
ОКПО 04728974 ИНН 00111199210111

26.11.2021г. № 11р-21

На №___________ от ___________

**Кыргыз Республикасынын
Шайлоо жана референдум
өткөрүү боюнча борбордук
комиссиясы**

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын (КРнын БШК) 2021-жылдын 18-ноябрындагы 09-08/1295 сандуу катыңызга төмөндөгүлөрдү маалымдайбыз.

**2.** НД-002-2021-008439 сандуу номенклатуралык иш боюнча.

Кыргызстан Профсоюздар Федерациясынын төрайымынын м.а. В.Маймендеева арызында 2021-жылдын 28-ноябрында өткөрүлө турган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоого талапкер “Альянс” саясий партиясынын мүчөсү Г.Молдобекованы шайлоодон четтетүүнү өтүнүшкөн, анткени ал Бишкек шаарынын Биринчи Май районуна караштуу №1223 участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы Р.Арыков шайлоо алдында көрсөтүлгөн партияга мыйзамсыз үгүт иштерин жүргүзүп административдик ресурсту колдонууда, мындан тышкары жогоруда көрсөтүлгөн атуулдардын кыймыл аракетине тийиш М.Асанакуновдун кызматтык абалын кыянаттык менен пайдалануусун текшерип берүүнү суранган.

Жогорудагы көрсөтүлгөн факт Бишкек шаарынын Биринчи Май РИИБнын электрондук маалыматтарды каттоо журналына 2021-жылдын 20-ноябрында №02-002-2021-025802 саны менен катталган.

Окуя боюнча В.Маймендеева төмөндөгүдөй көрсөтмө берген: 2021-жылдын 12-октябрында Кыргызстан Профсоюздар Федерациясынын имаратына милиция кызматкерлери келип, Р.Арыков жумуш ордуна киргизбей жаткандыгы жөнүндө арыз менен кайрылганын түшүндүрүшкөн, себеби Р.Арыковдун жумуш орунда №1223 шайлоо участкасынын ачкыч жана мөөр болгонун билдирген. Эртеси күнү аталган имаратка 15-20 адамдар келип күч колдонуп, Р.Арыков жумуш ордундагы болгон документтерди көтөрүп кеткенин билдирген. Бул факт боюнча ал арыз менен кайрылганын билдирген. Андан тышкары, Р.Арыков Бишкек шаарынын мэриясынын №14 муниципалдык аймактык башкармалыгына караштуу №43 кварталдык малаа башчысы болуп туруп, ошол эле учурда №1223 шайлоо комиссиясынын

участогунун төрагасы да болуп иштеп жүргөнүн жана ал өзүнүн “Фейсбук” баракчасында Жогорку Кенешке талапкер болгон Г.Молдобековага агитация жүргүзүп жатканын билдирген.

Бул боюнча Р.Арыков төмөндөгүдөй көрсөтмө берген: 2021-жылдын 12-ноябрында В.Маймендеева белгисиз 50-60 сандагы кишилер менен Кыргызстан Профсоюздар Федерациясынын имаратына келип туруп, болгон кабинеттерди култап жана аны жумуш ордуна киргизбей койгонун, анын жумуш ордунда анын жеке буюмдары жана анын сумкасында №1223 шайлоо участкасынын мөөрү жана сейфтин ачкычы болгон. Бирок алар аны киргизбей койгондуктан Бишкек шаарынын Биринчи Май РИИБне арыз менен кайрылууга мажбур болгон. Андан тышкары азыркы учурда №1223 сандуу шайлоо участкасынын төрагасы болуп турганын билдирип жана Бишкек шаарынын мэриясынын №14 муниципалдык аймактык башкармалыгына караштуу №43 кварталдык малаа башчысы болгонун, бирок 2021-жылдын 26-октябрында өз арызынын негизинде №14 муниципалдык аймактык башкармалыгынын №12 буйругунун негизинде кварталдык малаа башчысынын аткаруу убактылуу жумуштан бошотулганын, “Фейсбук” социалдык баракчада катталбаганын билдирген.

2021-жылдын 21-ноябрында Биринчи Май РИИБнын ЖИБнын ыйгарым укуктуу кызмат адамы Маматемин уулу А. тарабынан №02-002-2021-025802 саны менен электрондук маалыматтарды каттоо журналына катталган маалымат, Р.Арыковтун кыймыл аракетинде кылмыштын же жоруктун курамы жок болгондугуна байланыштуу чогултулган материалдар номенклатуралык иш катары эсептен чыгышталган.

Бишкек шаарынын Биринчи Май РИИБы тарабынан 2021-жылдын 22-ноябрында чыг.№21/3-10973 саны менен топтолгон материалдардын көчүрмөлөрү Биринчи Май округтук шайлоо комиссиясына жиберилген.

2021-жылдын 26-ноябрында Биринчи Май районунун прокуратурасы тарабынан чечим кабыл алууда толук кандуу текшерүү иштери жүргүзүлбөгөндүктөн жокко чыгарылып, материал боюнча кошумча текшерүү иштерин жүргүзүү үчүн Биринчи Май РИИБна жиберилген.

Маалымат иретинде билдирилет.

Бишкек шаарынын прокурорунун
орун басары

**А.Каримов**